**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ**

Жаран Нарикеев Тургунбек Анаркуловичтин кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2013 – жылдын 3-сентябры　　　　　　　　　　　　Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы, курамында Ж.М. Макешов, М.Р. Бобукеева, Э.Т. Мамыров, катчы Э.Н. Мусаеванын катышуусунда, Т. .А. Нарикеевдин кайрылуусун карап, төмөнкүлөрдү

**т а п т ы:**

Жаран Т.А. Нарикеев 2013 – жылдын 19 – июлунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына (мындан ары – Конституциялык палата), 2011 – жылдын 30 – июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган 2011 – жылдын 5 – июлунда жарыяланган «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамын жокко чыгарууну сурапып кайрылган.

Судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, өтүнүч боюнча «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 28 – беренесинин 2 – бөлүгүнүн негизинде, текшерүү жүргүзгөн судья Ж.М. Макешовдун маалыматын угуп, төмөнкүдөй тыянакка келди

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 20 – беренесинин 2 бөлүгүнө ылайык, кайрылуу жарандар тарабынан өтүнүч таризинде Конституциялык палатага киргизилет.

Ал эми жаран Т.А. Нарикеевдин кайрылуусунун таризи мыйзамда каралган талапка жооп бербейт.

Ошондой эле, Т.А. Нарикеевдин арызы «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 25 – беренесинде көрсөтүлгөн жалпы талаптарга ылайык келбейт. Кайрылуунун негиздери, ырастаган жагдайлары, мазмуну жана тиркелген документтердин тизмеги жогоруда көрсөтүлгөн мыйзамга негизделбей, өз алдынча жазылган.

Жогорулардын негизинде «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 28 – беренесинин 3 – бөлүгүнүн 1 – пунктун жана 5 – бөлүгүн жетекчиликке алып, судьялар коллегиясы

**а н ы к т а д ы:**

1. Жаран Т.А. Нарикеевдин кайрылуусу кабыл алуудан баш тартылсын.
2. Кайрылуу жана ага тиркелген материалдар кайтарылып берилсин.
3. Аныктама Конституциялык палатага даттанылышы мүмкүн.

**Судьялар коллегиясы:** **Ж.М. Макешов,**

**М.Р. Бобукеева,**

**Э.Т. Мамыров**